**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
СОЦИАЛДЫК ФОНДУ**

**СОЦИАЛЬНЫЙ ФОНД
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

**06.06.2023ж № 123**

Бишкек ш.
г. Бишкек

***2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу боюнча иш-аракеттердин стратегиялык планын бекитүү жөнүндө***

«Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу үчүн бирдиктүү мамлекеттик антикоррупциялык саясатты ишке ашыруу максатында буйрук кылам:

1. Тиркелген 2023-2025-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы саясатты ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун иш-аракеттеринин стратегиялык планы (мындан ары – Стратегиялык план) бекитилсин.

2. Социалдык фонддун аймактык башкармалыктары 2024-жылдын 15-февралына жана 2025-жылдын 15-февралына чейинки мөөнөттө Стратегиялык пландын негизинде коррупциялык көрүнүштөрдү алдын алуу жана профилактика боюнча иш-чаралардын ведомстволук ар жылдык пландарын иштеп чыгууну жана бекитүүнү камсыз кылсын жана бекитилген ведомстволук пландардын көчүрмөлөрүн Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуунун дарегине берсин: t.ibraimova@sf.kg.

3. Аталган Стратегиялык планды ишке ашырууга тартылган Социалдык фонддун кызмат адамдары, түзүмдүк бөлүмдөр, ведомстволук мекемелер, комиссиялар жана аймактык башкармалыктары (ведомстволук коррупцияга каршы пландардын аткарылышын эске алып) квартал сайын отчеттук кварталдан кийинки айдын 5ине чейин Социалдык фонддун коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууга анын аткарылышы боюнча маалымат берсин.

4. Коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу бекитилген стратегиялык пландын аткарылышы жөнүндө отчетторду жогору турган контролдоочу мамлекеттик органдарга белгиленген мөөнөттөрдө жиберсин.

5. Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2022-жылдын 25-мартындагы № 79 буйругу менен бекитилген 2022-2024-жылдарга коррупцияга каршы аракеттенүү жана алдын алуу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун иш-чараларынын планы 2024--жылдын 1-январынан тартып күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Социалдык фонддун иш кагаздарын жүргүзүү жана электрондук документ жүгүртүү бөлүмү бул буйрукту жооптуу аткаруучуларга жеткирсин.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

**Төрага** **Б. Алиев**